# КРЕДИТТИК КЕЛИШИМДИ ТҮЗҮҮГӨ КАРАТА
# АЧЫК ОФЕРТА

**24.01.2024**

Бул Оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ачык болуп саналат жана «Компаньон Банкы» ЖАКнын (мындан ары – Кредит берүүчү) талаптарына жооп берген жана укукка, аракетке жөндөмдүү жеке адамдардын дарегине төмөндө бул Офертада шарттары камтылган Кредиттик келишимди (мындан ары - Кредиттик келишим) Кредит берүүчү менен түзүү боюнча мөөнөтсүз сунушу болуп эсептелет.

Кредит берүүчүнүн маалыматтык такталарында жана/же www.kompanion.kg сайтында, ошондой эле «Компаньон» мобилдик тиркемесинде (мындан ары – Мобилдик тиркеме) жарыяланган «Компаньон Банкы» ЖАК кардарларынын жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу эрежелеринде (мындан ары – Эрежелер) жана бул Офертада каралган тартипте жооп кайтарган жеке жак жана/же жеке ээлик кылуучу (мындан ары - Карыз алуучу ) колтамга койгон бул Офертаны кабыл алуу тууралуу жоопту (мындан ары - Акцепт) Кредит берүүчү алган учурдан тартып Кредиттик келишим түзүлдү деп эсептелет. Акцепт толук жана шартсыз деп эсептелет, Кредиттик келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат (бул Оферта сыяктуу эле) жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык Карыз алуучу Кредиттик келишимдин бардык шарттарын кабыл алды жана түздү (колтамгасын койду) дегенди билдирет.

Кредиттик келишим боюнча Карыз алуучунун милдеттенмелерин аткаруу күрөө менен камсыздалган учурда, бул тууралуу Акцептке жазылат жана Кредит берүүчү менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерге 4-бөлүмдүн эрежелери колдонулат. Мындай жагдайда Кредиттик келишим айкалышкан деп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Кредит берүүчүнүн локалдык ченемдик актыларына ылайык кредит берүү үчүн, ошондой эле Карыз алуучунун Эрежелерге кошулуусу үчүн керектүү бардык документтерди Карыз алуучу тапшырган учурда гана Кредиттик келишим түзүлүшү мүмкүн.

## 1. КРЕДИТТИК КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредит берүүчү анын өтүнмөнүн негизинде Карыз алуучуга накталай же накталай эмес түрдө Кредиттик келишимде каралган шарттарда жана суммада кредит берет, ал эми Карыз алуучу Кредиттик келишимде каралган шарттарда кредит мөөнөтү аяктаганга чейин аны кайтарып берүүгө жана ага болгон пайыздарды төлөөгө милдеттенет.

1.2. Пайыздар кредиттин негизги суммасынын калдыгына берилген күндөн тартып кредитти толугу менен кайтарып берген күнгө чейин которулат. Пайыздар жылына 360 күн базасына жана бир айдагы күндөрдүн чыныгы санына карата эсептелет. Пайыздар сатуу салыгын камтыбайт.

1.3. Кредиттик келишим боюнча Карыз алуучу нын милдеттенмелерин аткаруу күрөө менен камсыздалган учурда (Кредиттик келишимдин 4-бөлүмү) менчик укугунда Карыз алуучу га таандык болгон кыймылдуу мүлктү Карыз алуучу өткөрүп берет, ал эми Кредит берүүчү кабыл алат жана милдеттенмелерди Карыз алуучу аткарбаган же тийиштүү түрдө аткарбаган учурда мыйзам менен белгиленгендей алып коюу менен Карыз алуучу нын артыкчылыктуу түрдө башка кредит берүүчүлөрүнүн алдында күрөөгө коюлган мүлктүн баасынан өзүнүн талаптарын канааттандыра алат.

1.4. Кредиттик келишим төмөнкү 2 (эки) ажырагыс бөлүктөн турат:

1.4.1. бул Офертага камтылган жалпы шарттар;

1.4.2. Акцепттеги жеке шарттар , алар төмөнкүлөр:

- Карыз алуучунун реквизиттери (аты-жөнү, паспорттук маалыматтар);
- кредиттин суммасы;
- кредиттин мөөнөтү;
- кредиттин максаты;
- кредитти алуу күнү/Кредиттик келишимди түзүү күнү;
- кредит боюнча жылдык номиналдык пайыздык ставка;
- кредит боюнча жылдык натыйжалуу пайыздык ставка;
- кредитти төгүүнүн баштапкы графиги;
- күрөө предметинин жалпы мүнөздөмөсү, анын күрөөлүк баасы, укук тастыктоочу документтин реквизиттери (эгерде кредит күрөө менен камсыздалса).

1.5. Кредиттин суммасы жана мөөнөтү Карыз алуучунун өтүнмөсүнүн жана Кредит берүүчү тарабынан жүргүзүлгөн талдоосунун жана баалоосунун негизинде, www.kompanion.kg сайтында жана/же Кредит берүүчүнүн маалымат такталарында жана/же Мобилдик тиркемеде көрсөтүлгөн минималдуу жана максималдуу өлчөмдөрдүн чегинде аныкталат. Кредит боюнча пайыздык чен кредиттин суммасына жараша белгиленет.

1.6. Кредит берүүчүнүн бөлүмдөрүнө барбастан Мобилдик тиркеме аркылуу өтүнмөнү берген жана кредитти алган учурларда кредиттин максималдуу суммасы төмөнкүлөрдү түзөт:

- аралыктан тейлөө режиминде идентификацияланган Карыз алуучулар үчүн – 15 000 (он беш миң) сом,
- Кредит берүүчүнүн бөлүмдөрүндө идентификацияланган Карыз алуучулар үчүн – 200 000 (эки жүз миң) сом.

1.7. Эгерде кредитти төгүү күнү майрам же иштебеген күнгө туура келип калса, анда кредитти төгүү кийинки жумуш күнүндө жүзөгө ашырылат. Если сумма погашения внесена/поступила после 18:00 часов, погашение кредита считается совершенным на следующий рабочий день. Төлөмдүн суммасы саат 18:00дөн кийин төлөнсө/түшсө, кредит боюнча төлөм кийинки иш күнү жүзөгө ашты деп эсептелет.

## 2. КРЕДИТТИК КЕЛИШИМДИ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Кредиттик келишим Карыз алуучунун өз колу коюлган документ түрүндө, ошондой эле Кредит берүүчүнүн планшетин/смартфонун колдонуу менен же болбосо Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеде Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасы коюлган электрондук документ түрүндө бул Офертанын Акцепти аркылуу түзүлөт. Кредит берүүчүнүн Акцептти алуусу Кредиттик келишимди түзүү деп эсептелет (Кредиттик келишимди түзүү үчүн Кредит берүүчүнүн ыйгарым укуктуу адамынын колтамгасы талап кылынбайт). Жөнөкөй электрондук колтамга коюлган Акцепт Карыз алуучунун өзүнүн колтамгасы коюлган кагаз жүзүндөгү документ менен бирдей деп таанылат.

2.2. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасы катары Кредит берүүчү тарабынан түзүлгөн жана Карыз алуучунун өтүнмөсүндө жазылган уюлдук телефон номерге жиберилген бир жолку код колдонулат. Жөнөкөй электрондук колтамга/код Карыз алуучунун өз колтамасынын аналогу болуп саналат. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн колтамгасы койгон учурдагыдай юридикалык кесепеттерге ээ.

2.3. Акцептке Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасы менен кол коюлган (Кредиттик келишим түзүлгөн) учурда Карыз алуучу Акцепттин текстин окуй алуусу үчүн Кредит берүүчү Карыз алуучунун өтүнмөсүндө жазылган телефон номерге же электрондук почтанын дарегине кол коюлган Акцептке веб-шилтеме менен билдирүүнү жиберет. Бул веб-шилтеме Карыз алуучу Акцепттин текстин жүктөп алуу

үчүн Кредиттик келишим түзүлгөндөн кийин 30 (отуз) күндөн кем эмес жарактуу болот.

2.4. Акцептке жөнөкөй электрондук колтамга коюуда иш-аракеттердин тартиби жана жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу боюнча Кредит берүүчү менен Карыз алуучунун ортосундагы башка мамилелер https://www.kompanion.kg сайтында жана/же Кредит берүүчүнүн бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарда, ошондой эле Мобилдик тиркемеде жарыяланган «Компаньон Банкы» ЖАК кардарларынын жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу эрежелерине ылайык жөнгө салынат.

## 3. КРЕДИТТИК КЕЛИШИМДИН ТАРАПТАРЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. **Карыз алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.1.1. Төгүү графигине ылайык кредитти жана пайыздарды төлөө. Баштапкы төгүү графиги Акцептте көрсөтүлөт;

3.1.2. Алтынчы (6) бөлүмдө жазылган Карыз алуучунун чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкциялардын тизмесине ылайык чыгымдарды (төлөмдөрдү) жана үстөк айыптарды төлөө;

3.1.3. Кредит боюнча пайыздык ставканын өлчөмүндө ар бир кечиктирилген күн үчүн пайыз жана /же негизги сумма боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздын суммасына үстөктү төлөө;

3.1.4. Кредитти толугу менен төлөп бүткөнгө чейин олуттуу карызды жаратпоо үчүн үчүнчү жактардан кредит же карыз албоо;

3.1.5. жашаган жердин, жеке маалыматтардын, телефон номердин, электрондук почтанын ж.б. өзгөргөндүгү тууралуу Кредит берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирүү (өзгөрүүлөр жасалгандан кийин беш (5) күндөн кечиктирбестен);

3.1.6. кредиттин максаттуу колдонулуусун камсыздоо жана алынган кредитти каалагандай үчүнчү жактарга, анын ичинде Кредит берүүчүнүн каалагандай кызматкерлерине бербөө;

3.1.7. Кредит берүүчүнүн талабы боюнча каржылык отчеттуулукту жана башка документтерди, анын ичинде Карыз алуучунун кредитти максаттуу колдонуусун тастыктоочу документтерди тапшыруу;

3.1.8. башка кредит уюмдарынан алган кредиттери жана үчүнчү жактардан алган карыздары тууралуу маалыматты, анын ичинде жакын тууугандардын кредиттери/карыздары тууралуу маалыматтарды жарым жылда эң аз бир жолу тапшырып туруу;

3.1.9. Кредит берүүчүнүн талабы боюнча 10 (он) жумуш күнү ичинде Кредиттик келишимди камсыздоо катары кредитке алынуучу мүлктү күрөөгө берүү;

3.1.10. Кредит берүүчүгө Карыз алуучунун мүлкүнө жана бардык бөлмөлөргө тоскоолдуксуз кирүүсүн камсыздоо;

3.1.11. эгерде кредит күрөө менен камсыздалса, 4-бөлүмдө аталган күрөө берүүчүнүн милдеттерин алуу;

3.1.12. 30 (отуз) күндүн ичинде Карыз алуучунун өтүнмөсүндө жазылган телефон номерге же электрондук почтанын дарегине жиберилген веб-шилтемеге өтүү менен кол коюлган Акцептти жүктөп алуу (2.3-пункт).

3.2. **Карыз алуучу төмөнкүлөргө укуктуу**:

3.2.1. Кредитти каалаган убакта эч кандай комиссиясыз, айыптык санкцияларсыз жана башка төлөмдөрсүз мөөнөтүнөн мурда төлөп жабуу. Эгерде кредит күрөө менен камсыздалган болсо, Карыз алуучу 4-бөлүмдө жазылган күрөө берүүчү катары аракеттенет.

3.2.2. Кредит келишимине кол коюлган учурдан тартып акча каражаты алынганга чейин кредит алуудан акысыз негизде баш тартуу.

3.2.3. мөөнөтү өткөрүлгөн бир нече кредит болгон учурда, кредиттик карыздын ордун жабууга багытталган акча каражаттарын бөлүштүрүү кезегин өзгөртүү боюнча Кредит берүүчүгө кайрылуу;
3.2.4. кредитти андан ары реструктуризациялоо өтүнүчү менен Кредит берүүчүгө кайрылуу.
3.3. **Кредит берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:**
3.3.1. Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү талабы боюнча 3 (үч) жумуш күндүн ичинде кредит алуу, кредиттик тартипти сактоо жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздын жоктугу / бар экендиги тууралуу маалыматтарды берүү;
3.3.2. Карыз алуучунун кредити боюнча күрөөнүн предметине өндүрүп алуу жол-жобосун баштоо жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн учурдан тартып 15 күндөн кийин үстөк айыптарды (айып пулдарды, туумдарды) кошум эсептөөнү токтотуу, мында кредиттин мөөнөтү бою которулган үстөк айыптын өлчөмү кредиттин суммасынан 20% жогору болбошу керек;
3.3.3. Карыз алуучуга талап укугун өткөрүп берүү учурунда Карыз алуучу үчүн болгон көлөмдө жана шарттарда үчүнчү жактарга өтүнмө берүү жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү.
3.3.4. Талап кылуу укугун өткөрүп берүү учурунда Карыз алуучуда болгон көлөмдө жана шарттарда үчүнчү жактарга талап кылуу укугунун өткөрүлүп берилгендиги тууралуу Карыз алуучуга жазуу жүзүндө билдирүү;
3.3.5. Эгерде кредит күрөө менен камсыздалган болсо, 4-бөлүмдө аталган күрөө кармоочунун милдеттерин аткаруу.
3.4. **Кредит берүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:**
3.4.1. акцептсиз тартипте Карыз алуучунун бардык эсептеринен/карттарынан жана/же электрондук капчыктарынан кредит боюнча карызды алуу;
3.4.2. Карыз алуучунун турак жана турак эмес жайларына жана мүлкүнө мониторинг жүргүзүү;
3.4.3. Кредиттик бюролор аркылуу жана/же башка ыкма менен Карыз алуучунун өзүнөн кредиттик уюмдардагы Карыз алуучунун жана анын жакын туугандарынын кредиттерине тиешелүү маалыматты талап кылуу жана алмашуу;
3.4.4. Карыз алуучу тарабынан Кредиттик келишимдин шарттары бузулган учурда, негизги сумманы, пайыздарды, туумдарды жана башка чыгымдарды кошо алганда, кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөнү талап кылуу;
3.4.5. эгерде бул Карыз алуучунун укуктарын начарлатпаса жана / же милдеттенмелерин жогорулатпаса, бул Офертанын өзгөртүлгөн текстин Кредит берүүчүнүн веб-сайтына жана / же Кредит берүүчүнүн бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарга жарыялоо жолу менен бул Келишимдин жалпы шарттарын бир тараптуу түрдө өзгөртүү жана / же толуктоо;
3.4.6. Карыз алуучуга кредит берүүдөн баш тартуу.
3.5. Эгерде кредит күрөө менен камсыздалса, Кредит берүүчү 4-бөлүмдө көрсөтүлгөн күрөө кармоочунун укуктарына ээ.
3.6. зарылчылыкка жараша, Кредиттик келишимди бузган Карыз алуучу жөнүндө маалыматты мезгилдүү басма сөздө, интернетте жарыялоо.

## 4. КРЕДИТТИ КАМСЫЗДОО

4.1. Эгерде кол коюлган Акцептте күрөө жөнүндө маалыматты камсыз кылуу жана камтуу зарыл болсо (Күрөөгө коюлган предметтин идентификациялоо үчүн жетиштүү жалпы мүнөздөмөсү, Күрөө предмети үчүн укук белгилөөчү документтин реквизиттери, Күрөө предметинин күрөө наркы), Кредиттик Келишим боюнча Карыз алуучунун милдеттенмелеринин аткарылышы мындай күрөө менен камсыздалган деп эсептелет жана Кредит берүүчү менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерге

ушул бөлүмдүн эрежелери колдонулат. Болбосо, Карыз алуучунун Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелеринин аткарылышы күрөө менен камсыздалбаган деп эсептелет жана ушул бөлүмдүн эрежелери Кредит берүүчү менен Карыз алуучунун ортосундагы мамилелерге карата колдонулбайт.

4.2. Акцептте күрөө предметинин жалпы мүнөздөмөсү, күрөө предметинин укук белгилөөчү документинин реквизиттери, күрөө предметинин күрөө наркы көрсөтүлөт.

4.3. Бул учурда, эгерде Күрөө предмети жүгүртүүдөгү товарлар болсо, анда Күрөө берүүчү тарабынан сатылып алынган жүгүртүүдөгү бардык товарлар, алар Акцептте көрсөтүлгөндүгүнө же көрсөтүлбөгөндүгүнө карабастан Күрөө берүүчүгө менчик укугунун же башка мүлктүк укуктардын негизинде өткөрүлүп берилген учурдан тартып Күрөө предмети болуп калат.

4.4. Акцептте көрсөтүлгөн Күрөө предметинин күрөө наркы Тараптар тарабынан макулдашылган деп эсептелет.

4.5. Акча каражаттарынын күрөөсүнөн сырткары, күрөөгө коюлган мүлк Күрөө берүүчүнүн менчигинде жана пайдалануусунда калат.

4.6. Карыз алуучу тарабынан Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелери аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, Кредит берүүчү Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамдарына ылайык, Күрөө предметин өндүрүп алууга укуктуу. Күрөө предмети коом үчүн тарыхый, көркөм же башка маданий баалуулукка ээ болсо же жеке адамга таандык жалгыз турак жай болсо, Кредит берүүчү күрөөгө коюлган буюмду сот аркылуу гана өндүрүп алат.

4.7. Эгерде кредиттин негизги суммасын, ал боюнча пайыздарды, айыптык санкцияларды, туумдарды, ошондой эле кредитти өндүрүп алууга байланыштуу чыгымдарды төлөө үчүн күрөө жетишсиз болсо, Карыз алуучу Кредит берүүчүнүн алдында өзүнүн мүлкү жана кирешелеринин бардыгы менен жооперчиликтүү болот.

4.8. Күрөө Карыз алуучунун Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылат, ошондой эле кредитти реструктуризациялоодо же Кредит келишиминин шарттарында башка өзгөрүүлөр болгон учурда.

4.9. Күрөөнүн предмети болгон мүлктүн кийинки күрөөсүнө Кредит берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен жана эгерде Карыз алуучу Кредит келишиминин шарттарын талаптагыдай аткарганда гана уруксат берилет.

4.10. Эгерде күрөө предмети болгон мүлккө менчик укугу жана башка укуктар үчүнчү жакка өтүп кетсе (жүгүртүүдөгү товарларды сатуудан тышкары), ошондой эле талап кылууну өткөрүп берүү же карызды которуу учурларында күрөөнүн күчү жоголбойт.

4.11. **Күрөө төмөнкү учурларда токтотулат:**

4.11.1. Карыз алуучу Кредиттик келишим боюнча бардык милдеттенмелерин толугу менен аткарса;

4.11.2. күрөөгө коюлган мүлккө укук Кредит берүүчүгө өткөндө.

4.11.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

4.12. Карыз алуучу төмөнкүлөрдү билдирет жана кепилдейт:

- ал Күрөөнүн предмети болгон мүлктүн ээси жана Кредит келишимин түзүү үчүн бардык зарыл укуктарга жана ыйгарым укуктарга ээ;
- күрөөнүн предмети болуп саналган мүлк сатылган эмес, башка жакта күрөө катары коюлган эмес, талаш-тартышта эмес жана тыюу салынган эмес, башка милдеттенмелердин предмети эмес жана үчүнчү жактардын доолору жок.

4.13. Карыз алуучу Күрөө предмети жөнүндө Кредит берүүчүгө билдирилген маалыматтардын аныктыгы үчүн жоопкерчиликтүү жана анын иш-аракеттеринде күнөөсүнүн бар же жоктугуна карабастан, ушул милдеттенмени Карыз алуучу аткарбагандан же талаптагыдай аткарбагандыктан келип чыккан бардык чыгымдардын ордун толтурууга милдеттенет.

4.14. **Карыз алуучу (Күрөө берүүчү) төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- Кредит берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугусуз күрөөгө коюлган буюмдун кийинки күрөөсүнө жол бербөө;
- Күрөө предметинин кыймылын эсепке алуу китебин жүргүзүү, анда акыркы операция күнү анын иштелип чыгуусу менен бирге Күрөө предметинин курамынын же табигый түзүлүшүнүн өзгөрүүсүнө алып келген бардык операциялар жөнүндө жазуулар киргизилет;
- Күрөө предметинин бар экендигин жана аны тейлөө шарттарынын болгондугун текшерүү үчүн Кредит берүүчүнүн өкүлдөрүн ал жайгашкан жерге киргизүү;
- күрөө предметин жакшы абалда / жарактуу абалда сактоо жана ушул мүлккө кам көрүүгө жана оңдоого (учурдагы жана капиталдык) калыбына келтирүүгө кеткен бардык чыгымдарды күрөө аяктаганга чейин көтөрүү;
- Күрөө предметин коопсуздугун жана талаптагыдай сактоо шарттарын камсыз кылуу, Күрөө предметинин жоголушуна, бузулушуна же мындай жоготуу, бузулуу коркунучу бар бардык жагдайлар жөнүндө Кредит берүүчүгө дароо маалымдоо;
- Карыз алуучу нын Кредиттик келишим боюнча милдеттенмелери бузулган учурда, дароо Күрөө предметин Кредит берүүчүгө өткөрүп берүүнү камсыздоо;
- эгерде Күрөө предмети жабыркаган / ооруган болсо же Кредит берүүчүнүн пикири боюнча, зыянга учуроо же жоголуп кетүү коркунучу пайда болсо, Кредит берүүчүнүн биринчи талабы боюнча жана белгилеген мөөнөттүн ичинде Күрөө предметин Кредит берүүчүгө күрөөгө өткөрүп берүү же башка баалуулугу бирдей күрөөлүк мүлктү берүү;
- Күрөө предмети жабыркаганда, жок кылынганда (жок болгондо), жоготулганда 5 (беш) күндүн ичинде, Күрөө предметин рыноктук наркына барабар башка мүлк менен калыбына келтирүү же алмаштыруу же төлөө мөөнөтү келгендигине карабастан кредит боюнча карыздан (карыздын тийиштүү бөлүгүнөн) төлөп кутулуу;
- Күрөө предметинин эсебинен Кредиттик Келишим боюнча Кредит берүүчүнүн бардык талаптарын, анын ичинде пайыздар менен айыппулдарды толугу менен канааттандыруу;
- Күрөө предметин сатууга же кайра каттоого байланыштуу бардык чыгымдарды көтөрүү;
- Күрөө предмети боюнча өндүрүп алуу жөнүндө билдирүү алгандан кийин, аны тескөөгө болбойт;
- Кредит берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугусуз (жүгүртүүдөгү товарларды кошпогондо) Күрөө предметин башка жол менен сатууга, күрөөгө коюуга жана тескөөгө болбойт.

4.15. **Карыз алуучу (Күрөө берүүчү) төмөнкүлөргө укуктуу:**

- Күрөө предметине анын максаттарына жана багытына ылайык ээлик кылуу жана пайдалануу, бирок Күрөө предметин тескөөгө укугу болбойт (жүгүртүүдөгү товарлардан тышкары);
- Күрөө предметин өндүрүп алууну айлантуу торуктарында же торуктарга чейин Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамдарына ылайык сатып алуу;
- Күрөө предмети Кредит берүүчү тарабынан сатылып жаткан учурда, аны артыкчылыктуу тартипте сатып алуу;
- эгерде кредиттин негизги суммасынын 50% ашыгыраагы төлөнгөн шартта, комиссиялык жана башка төлөмдөрдү төлөөсүз, мурдагы күрөөнү наркы кредит боюнча карыздын калган суммасынын ордун жапкан жана Карыз берүүчүгө алгылыктуу башка күрөөгө алмаштыруу.

4.16. **Кредит берүүчү (Күрөө кармоочу)** Кредиттик келишим боюнча өзүнүн талаптарын, анын ичинде кайтарылбаган кредиттин суммасын, аны пайдалануу үчүн пайыздарды, айыппулдарды, ошондой эле аткарууну кечиктирүүнүн кесепетинен пайда болгон чыгымдарды Күрөө предмети аркылуу канааттандырып жатса, күрөө предмети болгон мүлктү саткандан кийин кредитти өндүрүп алууга байланыштуу чыгымдардын өлчөмүнөн ашкан акча каражатын **кайтарып берүүгө милдеттүү**.

4.17. **Кредит берүүчү (Күрөө кармоочу) төмөнкүлөргө укуктуу:**
- документтер боюнча жана жеринде Күрөө предметинин болгондугун, абалын жана сактоо шарттарын текшерүү;
- Карыз алуучу дан Күрөө предметин сактоо жана коргоо үчүн зарыл чараларды көрүүсүн талап кылуу;
- Күрөө предметин зыянга учуратуучу, жабыркатуучу же баасын төмөндөтүүчү каалагандай иш-аракеттин токтотулушун талап кылуу;
- Күрөө предмети жабыркаган учурда же Кредит берүүчүнүн пикири боюнча зыян келтирүү же жоготуу коркунучу пайда болгон учурда, Күрөө предметин күрөөгө тез арада өткөрүп берүүнү талап кылуу;
- Күрөө кармоочунун күнөөсү жок болуп жоголгон же жабыркаган учурда Күрөө предметин калыбына келтирүүнү же алмаштырууну талап кылуу;
- Кыргыз Республикасынын күрөө жөнүндө мыйзамдарына жана Кредит келишиминин шарттарына ылайык күрөө предметин өндүрүп алуу;
- Кредиттик Келишим боюнча талаптарын, анын ичинде кредиттин суммасынын калдыгын, аны пайдалангандыгы үчүн пайыздарды, айыппулдарды, ошондой эле Кредит алуучунун Кредиттик келишим боюнча өз милдеттенмелерин өз убагында аткарбоодон улам келип чыккан чыгымдарды Күрөө предметинин эсебинен канааттандыруу;
- Карыз алуучу нын макулдугусуз Күрөө предметине карата өзүнүн укуктарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүү;
- банктын ички документтерине ылайык мурдагы күрөөнү башка күрөөгө алмаштырууну баш тартуу.

## 5. КРЕДИТ КЕЛИШИМИНИН БАШКА ШАРТТАРЫ

5.1. Кредит келишими Тараптар ал боюнча милдеттенмелерин толугу менен аткарганга чейин, анын ичинде Карыз алуучу нын кредит боюнча карызы толук төлөнгөнгө чейин күчүндө болот.

5.2. Кредиттик келишимге 3.4.5-пунктуна ылайык, же жөнөкөй электрондук колтамга же Тараптардын өз колу коюлган Тараптардын өз ара жазуу жүзүндөгү макулдашуусу боюнча өзгөртүүлөр жана / же толуктоолор киргизилиши мүмкүн. Эгерде өзгөртүүлөрдү жана / же толуктоолорду Төлөө графигине гана киргизүү зарыл болсо (мисалы, кредитти жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөө, кредит боюнча төлөмдүн күнүн жана/же суммасын өзгөртүү), Графикти мындай өзгөртүү жана / толуктоо Кредит берүүчүнүн тандоосу боюнча төмөнкү жолдору менен Кошумча Макулдашуусуз киргизилиши мүмкүн: 1) Кредитти жарым-жартылай төлөө үчүн төлөм фактысынын жана/же Кредитор тарабынан канааттандырылган Төлөө графигин өзгөртүү жөнүндө Карыз алуучунун арызынын негизинде (Карыз алуучу ны жаңы Төлөө графиги менен кийин тааныштыруу менен), же болбосо 2) жаңы төлөө графигине Тараптардын кол коюусу менен . Мындай учурда, мурунку Төлөө графиги жаңы Төлөө графигине кол коюлган/Төлөө графиги түзүлгөн күндөн тартып күчүн жоготот.

5.3. Карыз алуучу тарабынан Кредит келишими боюнча милдеттенмелери аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, Карыз алуучу Кредит берүүчүгө карыздын суммасын, анын ичинде туумдарды, банк эсептеринен/карттарынан жана / же электрондук капчыктардан акцептсиз алуу укугун ыйгарат.

5.4. Сыр сөздөрдү, коддорду жана башка идентификаторлорду колдонуу жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу деп саналат. Жөнөкөй электрондук колтамга өз колу менен коюлган колтамганын аналогу болуп саналат. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен колтамга коюлган учурдагыдай юридикалык кесепеттерге ээ. Оферта

Акцепти, т.а. жөнөкөй электрондук колтамганы колдонуу менен Карыз алуучу тарабынан Кредиттик келишимге кол коюу кадимки жазуу жүзүндө түзүлгөн бүтүм менен бирдей болуп саналат жана Карыз алуучунун өз колтамгасы коюлган кагаз жүзүндөгү документ сыяктуу эле бирдей юридикалык күчкө ээ болот.

5.5. Жаратылыш кырсыктары, массалык башаламандыктар, эпидемиялар ж.б. сыяктуу ал жеткис күчтүн жагдайлары болгон учурда (форс-мажор) Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажордук кырдаалдарга таянган Тарап тастыктоочу документти көрсөтүү менен мындай кырдаалдар орун алган күндөн тартып 10 (он) жумуш күнүнөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө экинчи Тарапка билдирүүгө милдеттүү.

5.6. Кредит Карыз алуучунун макулдугусуз кредиттик портфелине кошулушу мүмкүн, ал боюнча талап кылуу укугу кредиттерди берүүдө күрөө катары үчүнчү жак тараптан кабыл алынышы мүмкүн.

5.7. Карыз алуучу каза болгон учурда, анын Кредиттик келишими боюнча укуктары жана милдеттери анын мураскерине (мураскерлерине) Кыргыз Республиканын мыйзамдарынын чегинде өтөт.

5.8. Сүйлөшүү жолу менен чечилбеген ар кандай талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилет. Тараптар Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин (ЖПК) 34-беренесин жетекчиликке алып, КР ЖПК 30-беренеси менен белгиленген сотко караштуулукту өзгөртүүнү макулдашты, буга байланыштуу КР ЖПК 32-беренеси менен сотко караштуулугу белгиленген доолордон сырткары, Кредит берүүчү өзүнүн же анын филиалдарынын жайгашкан жери боюнча, же Карыз алуучу жайгашкан жер боюнча, же күрөөгө коюлган мүлктүн жайгашкан орду боюнча доо коюуга укуктуу. Карыз алуучу Кредит берүүчү жайгашкан жер боюнча гана Кредит берүүчүгө доо коюуга укуктуу.

5.9. Кредиттик келишимде каралбаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана иштиктүү карым-катнаштардын каада-салттарына, ошондой эле (Мобилдик тиркеме аркылуу өтүнмө тапшырылган жана кредит берилген учурларда) Аралыктан банктык кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимге ылайык жөнгө салынат.

## 6. КАРЫЗ АЛУУЧУНУН ЧЫГЫМДАРЫНЫН (ТӨЛӨМДӨРҮНҮН) ЖАНА АЙЫПТЫК САНКЦИЯЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| *Карыз алуучу нын кредит боюнча чыгымдары (төлөмдөрү)* | |
| Кредиттин суммасы | Акцептте жазылгандарга ылайык |
| Кредит боюнча пайыздык төлөмдөр | |
| Ачуу үчүн комиссия (эгерде эсепти ачуу кредиттик келишимди түзүү менен шартталган болсо) жана эсептерди талап кылганга чейин банктык аманаттар (депозиттер) боюнча алыш-бериш (учурдагы) эсебин тейлөө (эгерде кредит боюнча операциялар накталай эмес формада жүргүзүлсө) | Эсептик-кассалык тейлөө боюнча колдонуудагы тарифтерге ылайык |
| Эсептик-кассалык тейлөө үчүн комиссия (анын ичинде Карыз алуучу нын банкомат аркылуу накталай акчаларды киргизүүсү жана алуусу) | |
| Карыз алуучу нын арызы боюнча келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн комиссия (Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык кредитти реструктуризациялоо учурларын эске албаганда) | 500 сом |
| *Кредит берүүчүнүн айыптык санкциялары жана туумдары* | |
| Карыздын негизги суммасы жана пайыздар боюнча төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн | Ар бир кечиктирилген күн үчүн кредит боюнча пайыздык ставканын |

| | |
|---|---|
| | өлчөмүндө |
| Кредитти максатына ылайык пайдаланбагандыгы үчүн | Берилген насыянын суммасынан 3% |
| 30 күн мурун Кредит берүүчүгө жазуу жүзүндө билдирүү жибербестен Кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөп жабуу үчүн (2022-жылдын 17-августуна чейин берилген кредиттер үчүн) | Мөөнөтүнөн мурда төлөнүүчү кредиттин негизги суммасынан 3% |
| *Башкы чыгымдар* | |
| Карыздын учурдагы абалы тууралуу маалымкатты берүү үчүн төлөм | Айына бир жолу – акысыз; бир айдын ичинде кайра берилген учурда – 100 сом |

Эскертүү: бул бөлүмдө жазылган чыгымдардын (төлөмдөрдүн) өлчөмү Кредиттик келишим түзүлгөн учурда күчүндө болот.

## 7. КРЕДИТ БЕРҮҮЧҮНҮН РЕКВИЗИТТЕРИ

**«Компаньон Банкы» ЖАК**
Дареги: 720044, Бишкек ш., Шота Руставели к., 62
ИСН: 01210200410119
ИУЖК: 23672096
БИК: 113001
КРУБда корреспонденттик эсеп № 1013810003780106